1

## Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы

## ЧЕЧИМ №40

Базар-Коргон шаары 2021-жылдын 10-апрель

Арстанбап айылдык кеңешинин №1 Арстанбап шайлоо округунан депутаттыкка талапкерлердин арызын карап чыгуу жөнүндө.

2021-жылдын 8-апрелинде Арстанбап айылдык кенешинин №1 Арстанбап шайлоо округунан өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен катталган талапкерлер Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылышкан. Арызда шайлоочулардан акыркы тизмесинде №1 Арстанбап шайлоо округунун 489 шайлоочусу №2 Үч-Булак шайлоо округуна жылдырылып калгандыгын билдирген. Бул боюнча Арстанбап айыл өкмөтүнүн 2021-жылдын 25-мартында №1 Арстанбап шайлоо округунун 258 шайлоочусун №2 Үч-Булак шайлоо округуна жылдыруу боюнча берген тизмесинин негизинде жылдырылгандыгын жана 231 шайлоочу техникалык себептер менен туура эмес жылдырып алгандыгы боюнча КР БШК-нын Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясындагы системдик администратору Ч.Жамгырчиев билдирүү берди. Жогорудагы маселени карап чыгып, шайлоо бюллетендери, акыркы тизмелер жана идентификация жабдуулары шайлоо участокторуна жеткирилгендигин эске алуу менен Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссясындагы системдик администратору Ч.Жамгырчиевке ишиндеги кемчилиги көрсөтүлүп, мындан ары мындай кемчиликтерге жол бербөө эскертилсин.
2. Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссясындагы системдик администратору Ч.Жамгырчиевтин буга чейин №2140 шайлоо участогунда төрага катары өз милдеттерин так аткарып жакшы иштегендиги, азыркы кызматында жаныдан иштеп жаткандыгы эске алынсын.
2. Бул чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.
2. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаровко жүктөлсүн.

**Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Н.Мадумаров**

**Катчысы:** **Э.Жумабаева**